**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖОГОРКУ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНДА ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ**

Түзгөн: БатМУнун Сапаттык билим берүү бөлүмүнүн башчысы
Бөрүбаева Гульбара Назырбековна

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Баткен мамлекеттик университети**

# БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖОГОРКУ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНДА ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Баткен – 2019-ж.**

БатМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган, № 4 протокол.
«26» 02 2019-ж.

«БЕКИТЕМИН»
БатМУнун ректору, техн.и.д., профессор Зулпуев А.М.
«27» 02 2019-ж.

**Баткен мамлекеттик университетинин**
**жогорку жана орто кесиптик билим берүү программасында окуган**
**студенттердин өз алдынча иштери жөнүндө**

# ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Баткен мамлекеттик университетинин жогорку жана орто кесиптик билим берүү программасында окуган студенттердин өз алдынча иштери жөнүндө Жобосу (мындан ары - Жобо) студенттерди өз алдынчалуулукка багыттоо максатында иштелди.

1.2. Бул Жобо КРнын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, "Жогорку кесиптик жана ЖОЖдон кийинки билим берүү жөнүндө" Жобого, КРнын Өкмөтүнүн 29.05.2012-жылдагы № 346 «Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна жана БатМУнун Уставына ылайык даярдалган.

1.3. Бул Жобо жогорку жана орто кесиптик билим берүү программасында студенттердин өз алдынча иштерин (мындан ары - СӨАИ) уюштурууну аныктайт.

1.4. СӨАИ – билим берүү процессинин эң маанилүү түзүүчүлөрүнүн бири. СӨАИни уюштурууда негизги принцип болуп - студенттин аудиториядагы, аудиториядан тышкаркы окутуучу менен байланышта, үйүндөгү даярдыктарында, студенттердин репродуктивдүү жана чыгармачыл ишмердиктерин, ыкма-көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган комплекстүү мамиле эсептелет.

1.5. СӨАИнин мазмуну ар бир дисциплина боюнча жумушчу программада баяндалат жана бул курс боюнча практикалык билим жана билгичтиктерди тереңдетүүгө, предметтер аралык байланышты өздөштүрүүгө багытталат.

1.6. Конкреттүү дисциплина боюнча СӨАИни уюштурууда анын максаттары жана милдеттери, аткаруу мөөнөттөрү, көзөмөлдүн жана өздүк текшерүүнүн формалары жөнүндө студенттерге толук маалымат берүү зарыл.

1.7. СӨАИнин формаларын кафедралар жана окутуучулар дисциплина боюнча жумушчу программанын негизинде аныктайт. Мында окутуунун курсу, студенттин даярдык (билим) деңгээли ж.б. факторлор эсепке алынат.

СӨАИге жетекчиликти тиешелүү дисциплинаны окуткан окутуучу аткарат. Дисциплина боюнча үй тапшырмаларын текшерүүгө 1 семестрде 1 студентке 0,5 саатка чейин пландаштырылат. Жумуштун бул түрлөрү окутуучунун жеке планындагы «Окуу-усулдук иштер» бөлүмүнө жазылып, жумуш күнүнүн экинчи бөлүмүндө аткарылат. Мындай жумуштар кафедралык журналда «эскертүү» деген графага жазылат жана оку жүктөмүндөгү сааттардын эсебине кирбейт.

## 2. Студенттердин өз алдынча иштеринин формалары

2.1. Студенттердин өз алдынча иштери жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына жана жумушчу окуу пландарына ылайык аткарылуучу өз алдынча иштердин бардык түрүн камтыйт:

- ✓ күндөлүк сабактарга даярдануу (лекция, практикалык сабак, семинардык сабак, лабораториялык сабак, коллоквиум, текшерүү иш, тестирлөө, модулдук тапшырмалар, оозеки суроолор);
- ✓ өз алдынча ишке ажыратылган окуу материалдарын үйрөнүү;
- ✓ эсептик-графикалык иштерди, рефераттарды, үй тапшырмаларын аткаруу, жеке тапшырмаларды же студенттин өздүк демилгеси менен сунушталган тапшырмаларды аткаруу, студенттик конференцияларга ж.б.у.с. доклад даярдоо;
- ✓ олимпиадаларга, конкурстарга катышуу ж.б.у.с. милдеттүү эмес тартипте окутуучунун жетекчилиги менен же жетекчилинен сырткары иштерди аткаруу.

2.2. СӨАИни уюштуруунун негизги формалары:

а) Окутуучунун жетекчилиги жана көзөмөлү астында аткарылуучу аудиториялык СӨАИ төмөнкүлөр кирет:

- ✓ лекциялар;
- ✓ практикалык сабактар;
- ✓ лабораториялык сабактар;
- ✓ семинардык сабактар.

б) Окутуучунун жетекчилиги жана көзөмөлү астында аудиториядан тышкаркы СӨАИ:

- ✓ кошумча сабактар;
- ✓ дисциплиналар боюнча күндөлүк консультациялар;



- ✓ курстук иштер жана курстук долбоорлор боюнча консультациялар;
- ✓ окуу-изилдөө иштери.

в) Окутуучунун көзөмөлүнөн тышкары аудиториядан тышкаркы СӨАИ:

- ✓ аудиториялык сабактарга даярдануу;
- ✓ теориялык материалдарды өздөштүрүү;
- ✓ курстук жана текшерүү иштерин аткаруу;
- ✓ окуу кинофильмдерин, видеожазууларды көрүү;
- ✓ ЭЭМде иштөө;
- ✓ докладга даярдануу;
- ✓ конкурска даярдануу;
- ✓ реферат жазуу;
- ✓ башка аткарылуучу иштер;

СӨАИнин бардык дисциплиналар боюнча эмгекти талап кылуусунун сааттык көлөмү даярдалуучу программалардын окуу планында көрсөтүлөт.

## 3. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу жана жетектөө

3.1. СӨАИни уюштурууну жана жетектөөнү БатМУнун окуу-методикалык кеңеши, адистиктер боюнча методсекциялар, факультеттердин, институттардын жана бөлүмдөрдүн окуу-методикалык бирикмелери жана кафедралар жүргүзөт. Ар бир бөлүм өзүнө тиешелүү милдеттерди аткарат.

3.2. Университеттин окуу-методикалык кеңешинин милдетине төмөнкүлөр кирет:

- ✓ студенттердин билимин жыйынтык текшерүүнүн (мамлекеттик аттестациянын) натыйжаларын анализдөө;
- ✓ СӨАИни уюштуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу;
- ✓ СӨАИни уюштуруу боюнча факультеттердин, институттардын тажрыйбаларын үйрөнүү жана жалпылоо.

3.3. Адистиктер боюнча методсекциялардын милдеттери:

- ✓ программалар (адистиктер) жана дисциплиналар боюнча СӨАИге чегерилген убакыттын нормасын жана СӨАИнин көлөмүн аныктоо. Убакыттын нормалары ар бир программа (адистик) боюнча окуу планын негизинде, ал эми көлөм (курстук долбоорлорду жана иштерди, рефераттарды, контролдук иштерди ж.б. иштерди көргөзүүнүн, бүтүрүүнүн формасы, мазмуну, сааты) семестр ичинде СӨАИге бөлүнгөн убакытты эсепке алуу менен аныкталат;

- ✓ окуу жылы үчүн СӨАИнин календардык планын иштеп чыгуу (бул студентке ушул апта ичинде ар бир дисциплина боюнча аткарылуучу өз алдынча иштин көлөмү, мазмуну, ошондой эле практикалык иштерди аткаруу мөөнөтү, аттестациялардын, консультациялардын жадыбалы, компьютердик класстардын, китепканалардын иши жөнүндө так маалыматтарды бергендей болууга тийиш);
- ✓ СӨАИ боюнча тапшырмалардын формасын аныктоо.

3.4. Факультеттердин, институттардын окуу-методикалык кеңешинин милдеттери:

- ✓ СӨАИ жөнүндө маалыматтардын өз убагында, мөөнөтүндө болушун, жеткиликтүүлүгүн жана маалымдуулугун, көрсөтмөлүүлүгүн көзөмөлдөө;
- ✓ студенттердин билимин учурдагы жана аралыктагы текшерүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча анализдөө;
- ✓ СӨАИге жумшалуучу фактылык убактыны анализдөөнүн натыйжаларын жалпылоо;
- ✓ СӨАИге сарпталуучу пландагы жана фактылык убакыттарды туура келтирүү (бирдейликке келтирүү) боюнча чараларды иштеп чыгуу;
- ✓ күндөлүк өздөштүрүүнүн жыйынтыктарын анализдөө.

3.5. Кафедра башчынын милдеттери:

- ✓ СӨАИнин түрлөрүн, көлөмүн жана формаларын көрсөтүү менен жумушчу программаларды иштеп чыгууну көзөмөлдөө;
- ✓ аткарылган иштердин жумушчу программаларга туура келишин жана бардык тапшырмалардын убагында кабыл алынышын, кайрадан студентке берилишин (жыйынтык чыгарылышын) көзөмөлдөө;
- ✓ студенттерди зарыл болгон окуу-методикалык адабияттар жана окуу-лабораториялык база менен камсыздоо;
- ✓ СӨАИ үчүн бөлүштүрүлгөн тапшырмаларды аткарууга карата методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу.

СӨАИни уюштурууда жана жетектөөдө милдеттүү талап болуп, аны мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, окуу пландарында бекитилген убакыттын нормаларынын негизинде пландаштыруу эсептелет.